# Кудайдын Хискияны айыктырышы

**Көрсөтмө:** Бул көнүгүүнү тынч жерде аткар. Төмөндө көрсөтүлгөн аяттарды окуп жатканда андагы каармандардын үнүн угуп, кандай сезимде болушканын ойлонуп, өзүңдү ошол окуяга катышып жаткандай элестет.

**Негизги каармандар:** Хиския, Ышаая пайгамбар

**Кыскача маалымат:** Хиския катуу ооруп калып, Кудайга жалынат. Кудай аны керемет жолу менен айыктырат.

## 1 ОКУЯНЫ ТАЛДА. ЫШАЯ 38:1—9-АЯТТАРДЫ ОКУ.

Хискиянын канчалык жалындуу тиленгенин сүрөттөп жаз. (*3-аятты дагы бир жолу оку.*)

Ышаая пайгамбар Жахабанын Ышаая 38:5—8-аяттарда жазылган кабарын кандай тон менен айткан деп ойлойсуң?

Ышаая пайгамбар Хискияга оорусунан айыгарын айтканда, Хиския кандай сезимде болгон деп ойлойсуң?

## 2 ТЕРЕҢИРЭЭК ОЙ ЖҮГҮРТҮП КӨР.

Оорусунан тышкары, Хиския дагы эмнени ойлоп тынчсызданышы мүмкүн эле? (Жардам: Ышаая 36:1ди жана 38:6ны оку.)

Жахабанын Хискиянын жалбарганын угушуна эмне себеп болушу мүмкүн эле? (2 Жылнаама 31:20, 21ди жана Ышаая 38:3тү оку.)

Ышаая пайгамбарга Хискияга кайра барып, ага биринчи жолкусунда айтканына карама-каршы келген сөздү айтыш эмне үчүн кыйынга турушу мүмкүн эле?

Көлөкө жөн эле артка жылгандай болуп көрүнбөгөнүн, чындап эле ошондой болгонун кайдан билүүгө болот? (2 Жылнаама 32:24, 31ди оку.)



www.jw.org © 2013 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania

## 3 БИЛГЕНДЕРИҢДИ ИШ ЖҮЗҮНДӨ КОЛДОН.

Төмөнкүлөр тууралуу эмнелерди билгениңди жаз.

Жахабанын тиленүүбүздү угууга даяр экенин эмне көрсөтүп турат?

______________________________

______________________________

Кудайдын алдында канткенде жакшы атка ээ болосуң?

______________________________

______________________________

## 4 ОЙЛОНУП КӨР:

Кандай жагдайларда Жахабага кайрылып, жалбарууга өзгөчө муктаж болушум мүмкүн?

______________________________

______________________________

Мурункудан да жалындуу тилениш үчүн эмне кылсам болот?

______________________________

______________________________

Бул окуянын кайсы жагы мага баарынан да көбүрөөк тиешелүү болду? Эмне үчүн?

______________________________

______________________________

**Кеңеш:** Бул окуяны жаңылыктарды алып барган кабарчыдай болуп баяндап бер. Негизги каармандар жана ошол окуяга күбө болгондор менен маек кур.



JW.ORG™

PDF файлын www.jw.org/ky сайтынан жүктөп алгыла



www.jw.org © 2013 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania